**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз төртүнчү сессиясы**

**8.02. 2024-жыл. ТОКТОМ № 114 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетине толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз төртүнчү сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн сунушун талкуулап чыгып, айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн эсебинде 01.01.2024-жылга карата калган калган 4945,0 миң сом акча каражаты 2024-жылдын бюджетине бекитилсин.
2. Бекитилген 4940,5 миң сом акча каражатын №1 тиркемеге ылайык иштетүүгө макулдук берилсин.
3. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетине тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

Исхак-Полотхан айылдык Кеңешинин

08.02.2024-жылдагы кезексиз

34-сессиясынын №114 токтомуна № 1тиркеме

## Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгашалары боюнча маалымат.

| № | Элемент | Чыгашалардын аталышы | Көбөйтүү (мин сом) (+,-) |
|---|---|---|---|
| **Турак жай чарбасы (ЖКХ)** | | | |
| 1 | **2215** | Акы төлөнүүчү кызматтар үчүн | 740,5 |
| | | **Бардыгы:** | **740,5** |
| 2 | **2221** | Учурдагы ремонттоо жумуштары үчүн | 1000,0 |
| | | **Бардыгы:** | **1000,0** |
| 3 | **3111** | Имараттар жана курулуштар | 1200,0 |
| | | **Бардыгы:** | **1200,0** |
| 4 | **3112** | Машина жана жабдуулар | 2000,0 |
| | | **Бардыгы:** | **2000,0** |
| | | **Жалпысы:** | **4940,5** |

**Жооптуу катчы:** **О. Шакиров.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН<br>ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br>Polothan_kenesh@mail.ru | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>Polothan_kenesh@mail.ru |
|---|---|---|

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз төртүнчү сессиясы**

**8.02. 2024-жыл. ТОКТОМ № 115 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытындагы эмес жер аянтарына эсептелинген салык өлчөмдөрүнүн жана коэффициенттерин бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз отуз төртүнчү сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 8.02.2024-жылдагы №01-11/416 сунуш катын талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын салык кодексине негиз, айылдык кеңештин кезексиз отуз төртүнчү сессиясы токтом кылат:

,

1. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытында эмес жерлердеги пайдалануудагы жер аянтарынын (Кз) зоналдык коэффициенти салык кодексинин 404-беренесине ылайык 1,5 өлчөмдө бекитилсин.
2. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы айыл чарбасы багытында эмес жерлердеги аракеттеги эмес пайдаланылбай жаткан жер аянтарынын баштапкы (Кз) зоналдык коэффициенти 1,0 өлчөмүндө бекитилсин.
3. Үй-жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторуна (тамарка) салык Салык кодексинин 398-беренесинин негизинде 1 сотикке 15 сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. Салык кодексинин 411 беренесине негиз төмөнкү категориядагы жарандарга тамарка салыгынан 0,15 га чектик өлчөмдө женилдиктер колдонулсун :
   • Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Афганистандагы жана башка өлкөлөрдөгү согушка катышкан аскер кызматчылары, Чернобыль АЭСиндеги аварияны жоюуга катышкандар, ошондой эле бала чагынан майыптар, I жана II топтогу майыптар;
   • кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон же дайынсыз жок болгон аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрү, анын ичинде эрезеге жеткенге чейинки балдары;
   • пенсия курагына жеткен Кыргыз Республикасынын жараны;
   • эрезеге жете элек 4 жана андан ашык балдары бар жеке адам.
5. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы ар бир кожолуктан алынуучу таштанды чыгаруу үчүн жыйым жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.
6. Коммерциялык багыттагы ишканалардын кызматкерлери үчүн таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым киши башына жылына 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.
7. Токтомду жетекчиликке алуу жана мыйзамда белгиленген тартипте аткаруу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.
8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага: Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Polothan_kenesh@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Polothan_kenesh@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз отуз төртүнчү сессиясы**

**8.02. 2024-жыл.** **ТОКТОМ № 116** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн муниципалдык базарын иштетүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз отуз төртүнчү сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн муниципалдык базары уюштурулсун.

2.Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө муниципалдык базардын уставын даярдап каттоодон өткөрүү, айылдык кеңештин 30.11. 2023-жылдагы №104 токтомуна ылайык айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясы менен биргеликте муниципалдык базардын чегараларын баштапкы генпланга ылайык так аныктоо, муниципалдык базардын соода павилиондорунун, курулуш материалдарды сатуу бөлүгү, унаа токтотуучу жайлар жана башка соода жайларынын жайгашуусу боюнча долбоорун иштеп чыгуу, муниципалдык базардын жетекчисин жана штаттык бирдигин бекитүү Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) жүктөлсүн.

3.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги ПЖ № 109 Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндөгү Жарлыгына ылайык ыйгарым укуктуу органдарга кайрылып, генпланда бекитилген жолдорду ачуу, муниципалдык базар менен Баяман баатыр базарынын чегарасын бойлоп өткөн (Шакиров Жеңишбекке таандык жер аянты менен ЛЭП аралыгы аркылуу өткөн жолдун) Ош-Баткен автожолуна чейин тоскоолдуксуз өтүүсүн камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго жүктөлсүн.

4.Токтомду аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго милдеттендирилсин.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**